Кырг. 28
К59

# Кооз китеп

**Өсүмдүктөр жана жаныбарлар жөнүндө алгачкы маалыматтар**








УДК 821.51-93
ББК 83.8
К-17

Түзүүчүлөр: Бек Жылдыз, Исаева Закий

Редактору: биология илимдеринин кандидаты Ахматова Айгуль

К-17 **Кооз китеп.** Өсімдіктер жана жаныбарлар жөнінде алгачкы маалыматтар / Түз.: Бек Жылдыз, Исаева Закий.
Б.: 2010. - 36 б.

ISBN 978-9967-25-878-5

"Кооз китеп" өсүмдүктөр жана жаныбарлар жөнүндө алгачкы маалыматтар менен бөбөктөрдү тааныштырат.

Корректорлору:
Барыктабасова Турумбүбү, Сагынбек кызы Акжолтой

Компьютердик калыпка салган жана дизайн:
Цапалова-Леденчук Оксана

Заказ № 50116. Нускасы: 4000.

«Continent Print» ЖЧКсында басылды.
720054, Бишкек ш., Интергельпо көчөсү, 1

К 4802060000-10

УДК 821.51-93
ББК 83.8

ISBN 978-9967-25-878-5

© Ага Хан Фонду, 2016

# Мазмуну



4 Кайрылуу


5 Өсүмдүктөр жөнүндө алгачкы маалыматтар


6 Гүлдөр


8 Дары өсүмдүктөр


10 Май жана була өсүмдүктөрү


11 Дан өсүмдүктөрү


12 Бакча өсүмдүктөрү


13 Козу карындар


14 Жашылчалар


16 Мөмө-жемиштер


18 Бадал өсүмдүктөрү


19 Бак-дарактар


20 Жаныбарлар Курт - кумурскалар


22 Балыктар


22 Жерде-суудa жашоочулар


23 Сойлоп жүрүүчүлөр


24 Канаттуулар


26 Үй канаттуулары


28 Үй жаныбарлары


31 Жапайы жаныбарлар


34 Кереметтүү маалыматтар

# Урматтуу окурман!

Албетте, Сиз балаңыздын боорукер, адамгерчиликтүү, кайрымдуу болуусун каалайсыз, ошондуктан балаңызга кичине кезинен баштап эле айлана-чөйрөдөгү тиричилик жөнүндө түшүндүрүүгө аракет кылуу керек.

Бул китептен Сиз балаңыз менен бирге жандуу жаратылышка кызыктуу саякатка чыгасыз, анткени Сиздер "Кооз китептен" жаныбарлар жана өсүмдүктөр жөнүндө алгачкы маалыматтарды аласыздар.

Бөбөктөрдүн келечекте жаратылышка карата сезими ойгонот жана ага кылдат мамиле кылууга далалаттанат.

"Кооз китепте" Кыргызстандын айрым гана жаныбарлары жана өсүмдүктөрү берилген.

Авторлор жер бетинде жашаган бардык жаныбарларды жана өсүмдүктөрдү жазып чыгууну алдына максат кылып койгон эмес, бирок "Кооз китепке" дүйнөдөгү кээ бир кереметтүү жаныбарлар жана өсүмдүктөр да киргизилди.

Маалыматтарды кичинекей бөбөктөргө жөнөкөй сөздөр менен жеткиликтүү кылып түшүндүрүүгө аракеттендик. Бул китеп аркылуу ата-энелер балдардын суроолоруна жооп таба алышат деп үмүттөнөбүз.

Сиздерге ийгилик каалайбыз!
Түзүүчүлөр


*Ушул эмгекти даярдоодо кеңештери менен көмөк көрсөткөн Кыргыз билим берүү академиясынын жетектөөчү илимий редактору, КРдин билим берүүнүн отличниги, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Мейликан Субановага терең ыраазычылык билдиребиз.*

# Өсүмдүктөр жөнүндө алгачкы маалыматтар

Өсүмдүктөр бардык жерлерде таралган. Алардын жапайы жана маданий түрлөрү бар.

Жапайы өсүмдүктөр тоолордо, жайлоолордо, талааларда, сууда, ал түгүл кардын алдында да өсөт.

Маданий өсүмдүктөрдү адамдар азык жана тиричиликке колдонуш үчүн атайын өстүрөт.




Өсүмдүктөрдүн тамыры, сабагы, жалбырагы бар. Тамырлар сууну соруп алып, өсүмдүктү топуракка бекем кармайт. Сабагында жалбырактар жана гүлдөр жайгашкан. Жалбырактар өсүмдүктү азыктандырат. Гүлүнөн мөмө жана урук пайда болот. Уругунан жаңы өсүмдүк өсүп чыгат.

Өсүмдүккө аба, суу жана күндүн нуру керек. Жалбыракка күндүн нуру тийгенде, өсүмдүктөрдө керектүү азыктар пайда болот.

# Гүлдөр

***Гүлдөрдүн буркураган жыты жана ачык өңү бардык адамдарды кызыктырат.***

## Байчечекей



Эрте жазда кар кете электе гүлдөп чыгат. Ошондуктан, байчечекей алгачкы кар астындагы гүл деп аталат. Ал тоо этектеринде, жайлоолордо, талааларда да өсөт. Сабагы түз болот. Гүлдөрүнүн түсү сары жана ак. Жалбырагы ичке, кууш болот.



## Роза

Роза гүлзарларда өстүрүлөт. Бутагы тикенектүү, гүлү жөнөкөй же тармал, түрдүү түстүү. Алар абдан сонун жыттуу жана кооз. Мөмөсү менен тамырынан боёк жасалат, гүлүнөн роза майы алынат.



## Кызгалдак

Талааларда, тоо этектеринде өсүп, эрте жазда гүлдөйт. Гүлдөрү кыпкызыл, гүл желегинин түп жагы каралжын келет. Гүлдөгөндө талаа бүт коздукка бөлөнөт.

## Коңгуроо гүл



Жайлоолордо, токойлордо, суу жээктеринде кездешет. Ичке бутактуу жалбырактары болот. Гүлү коңгуроого окшош. Түсү кызгылт, көгүш жана ак болот.

## Жоогазын же мандалак



Жазында тоолордо, адырларда кездешет. Гүлүнүн түсү сары жана кызыл. Анын эгилме түрлөрү гүлзарларда өстүрүлөт.

Жоогазын мандалак деп да айтылат.

## Комузкак



Күнөстүү жерлерде өсөт. Гүлүнүн түсү сыя өңдүү же сары жана ак болот. Жалбырагы узун, жазы келет. Жалбырактарынын ортосунан гүл сабы чыгат. Гүл сабы жалпагыраак, эки капталы кырдуу болот. Анын кырларын тилип үйлөсө, түрдүү үндөр чыгат. Ошондуктан, бул гүл комузкак деп аталган. Балдар чыйпылдак дешет.

# Дары өсүмдүктөр

***Айрым өсүмдүктөрдүн дарылык касиеттери бар. Алардын тамырлары, жалбырактары, сабактары, гүлдөрү, уруктары да дары катары колдонулат.***



## Каакым

Каакым жол боюнда, суу жээгинде, огороддо, бакта, талаада өсөт. Сары тегерек гүлү бар. Сабагынан сүттөй шире чыгат. Жалбырагы жазы келет. Уругу үлпүлдөп учуп, айлана-чөйрөгө тарайт.

## Уу коргошун

Бул абдан уу өсүмдүк. Бийик тоолордо бадалдардын арасында өсөт. Гүлүнүн өңү сыя түстө. Жалбырактары жылаңач, катуу болот. Өсүмдүк гүлдөгөн кезде жалбырактары куурап калат. Байыртадан дары катары колдонулган. Мал жебейт.





## Бака жалбырак

Бул өсүмдүк жолдун боюнда, арыктын жээгинде, саздак жерлерде өсөт. Көпчүлүк учурда жалбырагынын астына бака жашынып жатат, ошон үчүн ал “бака жалбырак” деп аталган. Жалбырагы жазы келип, тарамыштуу болот. Гүлү майда, көрксүз, жашыл түстө. Анын жалбырактарын жараларга таңып койсо, тез айыгат.

## Чалкан



Үйлөрдүн жанында, бакчаларда, бактарда, токойлордо жана суу жээктеринде өсөт. Чалкандын жалбырак жана сабагында чагып алуучу ийнелери бар. Чалканды мал жебейт, себеби чалкан эриндерин жана тилин чагып алат. Ошондуктан, алар чалкан өскөн жерге жолобойт.



## Жалбыз

Жалбыз суунун жана жолдун жээктеринде өсөт. Сабагы ичке, түз келет. Жалбырагы сүйрү же тегерек болот. Гүлү жалбырак колтугунда жайланышкан. Гүлдөрү майда, гүлгүн же сыя түстүү. Жалбырактары буркурап, жагымдуу жыттанат.



## Өгөй эне өз эне

Өгөй эне өз эне нымдуу жерлерде өсөт. Сабагы жапыз. Жалбырагы жүрөк формасындай. Жалбырактын астыңкы бети түктүү, кармаганда жылуу сезилет. Үстүңкү бети жылма, муздак сезилет. Ошондон улам өсүмдүк өгөй эне өз эне деп аталган. Гүлү сары, каакымдын гүлүнө окшош.

# Май жана була өсүмдүктөрү

***Кээ бир өсүмдүктөрдүн уругунан май жана була (кебез) чыгат. Аларды атайын өстүрүшөт.***

## Пахта, гозо



Пахта Кыргызстандын түштүгүндө өстүрүлөт. Ал була (кебез) берген өсүмдүк. Ошондуктан, аны атайын өстүрүшөт. Гүлү ак, кызгылт, саргыч түстө болот. Жалбырагы тилкелүү. Пахтанын уругун була нык каптап турат.

Буланы уруктан бөлүп алат. Уруктан пахта майы чыгарылат. Буладан жип ийрилет, андан кездеме даярдалат.

## Күн карама



Гүл себетчеси тегерек. Ал күн тийген жакка бурулуп, күндү карап өсөт. Ошондуктан "күн карама" деп аталат. Жалбырагы жазы. Гүлүнүн өңү сары болот. Анын эки түрү бар: тилче жана майда гүлдөр. Тилче гүлдөр себетчесинин кырка четинде жайланышат, формасы тилге окшош. Ортосундагы майда гүлдөрдөн дан пайда болот. Даны абдан майлуу. Андан май алынат. Данын чагып жешет. Жалбырагы малга тоют, сөңгөгү отун болот.



## Жүгөрү

Жүгөрү байыркы дан өсүмдүк. Ал бардык жерде өсөт. Анын даны да, көк бакалы да тоют катары пайдаланылат. Жүгөрүдөн май алынат.

# Дан өсүмдүктөрү

***Дан өсүмдүктөрдүн унунан нан азыктары даярдалат.***



## Буудай

Буудай баалуу дан өсүмдүк. Ал бардык жерде эгилет. Мөмөсү дан. Даны сабактын башында үч же төрт катар жайланышат, ар бир дандын учунда кылканы болот. Данынан ун даярдалат. Унунан нан жана түрдүү азыктар жасалат.



## Сулу

Нымдуу жерлерде эгилет. Ал негизинен малга баалуу тоют болот. “Геркулес” деген азык сулудан алынат. Андан таттуу токоч, ботко жасалат. Дарылык касиети бар.



## Арпа

Жалбырагы ичке, кууш тасмадай. Гүлдөрү көрксүз. Мөмөсү дан. Даны сабактын башында эки катар жайланышат, ар бир данында бирден кылканы болот. Арпа суукка жана кургакчылыкка чыдамдуу өсүмдүк. Даны кылкандуу. Арпанын унунан нан азыктары жасалат. Анын даны жана саманы малга тоют болот.

# Бакча өсүмдүктөрү

***Бакча өсүмдүктөрү ысык жерлерде өстүрүлөт, сабактары, жерге сойлоп өсөт, жалбырактары жазы жана мөмөсү чоң, көлөмдүү.***



## Дарбыз

Дарбыз кабыгы калың, өңү жашыл жана агыш тилкелүү болот. Формасы тоголок жана сүйрү. Мөмөсү ширелүү, даамдуу, жегиликтүү. Бышкан дарбыз жеңил жана кабыгы катуу болот. Суусунду кандырат.

## Коон



Коон жаз айларында гүлдөйт жана күзүндө мөмө берет. Ысык жерлерде өсөт. Жалбырагы чоң. Мөмөсү сүйрү, чоңдугу ар кандай. Түсү саргыч. Бышкан коон сонун жыттанат. Коондун кичинекей тоголок түрүн анделек дейт.



## Ашкабак

Формасы тоголок, кээде сүйрү жана алмурут сымалдары болот. Өңү кызгылт-сары. Кабыгы катуу. Ал тамак-ашта кеңири колдонулат.

Анын уругу даамдуу жана пайдалуу, дарылык касиети бар.

# Козу карындар

***Козу карындар өзгөчө организмдер. Сырткы көрүнүшү ар түрдүү келет, түрдүү түстөрдө болот. Жегенде жарамдуу жана уу козу карындарга бөлүнөт.***

***Жаз, жай айларында бышып жетилет. Даамы өзгөчө. Козу карындар башка өсүмдүктөрдөн айырмаланып сабактан жана калпакчадан турат, аны мөмө-денеси дейт.***

## Ак козу карын

Ак козу карындын денеси калпактан жана сабагынан турат. Калпактын сырты да, денеси да ак түстө болот. Жазында жаандан кийин тез көбөйөт. Адамдар аларды бышырып жешет. Айрым жаныбарларга да азык болот.





## Куу-поганка (эшек калпак)

Уулуу козу карын. Муну жегенге болбойт. Калпакчасы жалпак, тегерек. Өңү куу. Бийик болуп өсөт. Талааларда жана токойлордо кездешет.

# Жашылчалар

***Жашылчаларды талааларда, огороддордо адамдар азык үчүн өстүрүшөт. Алар түрдүү витаминдерге бай.***

## Пияз



Тоголок же сүйрү болгон, саргыч-кызгылт кабыктуу жашылча өсүмдүк. Анын ачуу жыты бар. Ал абага тез тарайт да, көздү ачыштырат. Пияз оору жугузуучу бактерияларды жок кылат. Тамак-ашка кеңири колдонулат. Абдан пайдалуу.



## Сарымсак (чеснок)

Кескин жыттуу, дарылык касиети бар өсүмдүк. Ал бир нече айрым бөлүктөрдөн турат. Ар бири өзүнчө кургак, катуу кабыкча менен капталат. Тамак-ашта колдонулат. Сарымсак зыяндуу бактерияларды жоготот.

## Помидор



Помидордун мөмөсү тоголок же сүйрү келет. Өңү саргыч же кызыл болот. Мөмөсүндө кант жана ар түрдүү витаминдер бар. Гүлдөрү майда ак, сары, кызгылт түстө болот. Жалбырагы ар түрдүү тилкелүү болот.

## Бадыраң



Баалуу жашылча өсүмдүк. Жалбырагы жазы, учтуу, сабагында кезектешип жайгашат. Гүлү коңгуроо сымал, сабагы калың, быдырлуу, өңү жашыл. Ал жарык, жылуу, нымдуу жерде жакшы өсөт.

## Керем (капуста)



Өтө баалуу жашылча өсүмдүгү. Мөмөсү кат-кат жалбырактардан турат. Аны “керем” дейт. Өңү ак жана кочкул кызыл болот.

Суукка чыдамдуу. Капуста “С” витаминине бай.

## Таттуу калемпир



Калемпир жылуу жана ысык жерлерде өсөт. Сабагы бийик эмес. Жалбырагы жазы келет. Мөмөсү кызыл жана жашыл түстө, уруктары ичинде болот.

# Мөмө-жемиштер

***Мөмө-жемиштер ар түрдүү өсүмдүктөрдө, дарактарда, бадалдарда, чөптөрдө бышат. Алар витаминдерге бай.***

## Алма



Алма даракта бышат. Алар ак сар-гыл, жашыл, кызыл түстөрдө болот. Бышкан алманын жыты сонун. Алма абдан ширелүү жана даамдуу. Кышында узакка сакталат. Алма темирге бай.



## Алмурут

Алмуруттун дарагы бийик, шагы жазы. Алмурут лампочкага окшош. Түсү саргыч болот.

## Өрүк



Өрүктүн дарагы ысык жерлерде өсүп, өрүкзарларды түзөт. Өрүк тоголок, сүйрү жана майда болот. Өрүктүн сөөк данеги бар.

Өрүктүн түсү сары же сары-кызгылтым. Өрүктөн кыям жана өрүк кактары даярдалат.

## Жүзүм



Жүзүм чырмалып, оролуп өскөн өсүмдүк. Жүзүм мөмөлөрү майда тоголок жана сүйрү болот. Алар топтошуп, сабактын ичке учунда жайлашкан, аны шиңгил дейт.

Жүзүм жашыл жана кара түстөрдө болот. Жүзүм канты көп жана ширелүү келет.

Уругу жок майда жүзүм "кишмиш" деп айтылат.

## Кулпунай (клубника)



Кулпунай жерде сойлоп өскөн чөп өсүмдүгү. Ал конус сымал жана тоголок да болот. Түсү кызыл. Даамы таттуу, ширелүү, абдан жумшак, жыпар жыттуу.



## Карагат

Карагат бадал өсүмдүгү. Мөмөсү ак, кара, кызыл түстөрдө болуп, тоголок шуруга окшош. Ичке бутактарда бир нечелеп жайланышат. Даамы кычкыл, "С" витаминине бай.

## Дан куурай (малина)



Дан куурай жапыз бадал өсүмдүгү. Мөмөсү майда, тоголок келип, бири-бири менен биригип, ичи көңдөй топ мөмөнү түзөт.

Түсү кызгылт. Даамдуу жана жагымдуу жыты бар.

Дарылык касиети жогору.

ОШСКАЯ областная детская БИБЛИОТЕКА СБО 253640

# Бадал өсүмдүктөрү

***Бадалдар көп чыбык сабактуу өсүмдүктөр.***



## Мисте

Жалбырактуу жана шактуу бадал өсүмдүгү. Кургакка жана суукка чыдамдуу келет. Жазында гүлдөйт, гүлү гүлгүн түстө болот. Мөмөсү сөөкданек, аны чагып жешет. Данеги майлуу болот.



## Чычырканак

Чычырканак суу бойлорунда, токойлордо өсөт. Ал калың бутактуу, тикенектүү бадал. Жаш сабактары алгач күмүш түстүү болот. Мөмөлөрү майда тоголок, алар жалтыраган сары-кызыл түстүү жана майда данектүү. Андан чычырканак майы алынат. Мөмөсүнөн кыям даярдашат.

## Анар



Анар анча чоң эмес бутактуу, тикенектүү бадал. Мөмөсү тоголок, ирдүү, кабыгы калың, кызыл түстүү. Мөмөсүнүн ичинде шурудай тизилген, көптөгөн майда ширелүү уруктары бар. Ширеси кычкыл, витаминге бай.



## Сирень

Сирень ак жана сыя-көк түстүү гүлдөрү бар, бийик бадал өсүмдүк. Кооздук үчүн өстүрүлөт. Гүлдөрү буркурап турат. Жаз айларында гана гүлдөйт.

# Бак-дарактар

***Дарактардын жалбырактары аба тазалайт, көрк берет.***

## Арча

Кыргыздар байыртадан эле арчаны өтө касиеттүү өсүмдүк катары баалашкан. Анткени, ал абдан чыдамдуу жана бекем жыгач. Дайыма жашыл. Жалбырактары ийнеге окшош. Жыгачы катуу, чирибейт, курт жебейт. Суукка чыдамдуу. Арча миң жылга чейин жашайт. Арчанын жерге жайылып өскөн түрү бар. Аны жапалак арча дейт. Жыттуу заттарды көп бөлүп чыгарат, ал абадагы бактерияларды өлтүрөт. Арчаны түтөтүп, үйдү аластайт. Мөмөсү жемиш, аларды чымчыктар жейт. Арчадан бешик жасалат.



## Карагай



Карагай ийне жалбырактуу дарактардын бири. Дайыма көгөрүп турган көрктүү өсүмдүк. Суукка чыдамдуу. Уругу тобурчактын ичинде бышат. Жагымдуу жыттарды бөлүп чыгарып, абаны тазалайт. Аны шаарларда, парктарда, мекеменин айланасына коздук үчүн олтургузушат.



## Ак кайың

Ак кайыңдын кабыгы аппак, жалбырагы ачык-жашыл түстүү келет. Гүлү сөйкөгө окшош. Ак кайың күнгө умтулуп, тике өскөн сымбаттуу дарак. Аппак кабык даракты күндүн ысык табынан сактайт.

# Жаныбарлар

***Жаныбарлар бардык жерлерде жашашат. Аларга курт-кумурскалар, сойлоп жүрүүчүлөр, жерде-сууда жашоочулар, балыктар, канаттуулар, сүт эмүүчүлөр. (жапайы жана үй жаныбарлары) кирет.***

## Курт кумурскалар

***Курт-кумурскалар ар түрдүү болот. Денелери үч бөлүктөн: баш, көкүрөк жана курсактан турат. Башында бир жуп муруттары, көздөрү бар. Көкүрөгүндө үч жуп буттары жана канаттары жайгашкан.***



### Чиркей

Чиркей эң кичине жандык. Күндүз чиркей жашынып жатат, кечке маал жана түн ичинде зыңылдап учуп чыгат. Чиркейдин оозунда сайгыч түтүгү бар, аны менен адамдын жана малдын канын сорот, ал жер ачышып дүүлүгөт.

### Көпөлөк

Көпөлөктүн абдан кооз келген, ар кандай саймалуу, үлбүрчөк эки түгөй канаты болот. Алардын өңү гүлдөрдүн өңүнө окшош. Узун тумшугу менен гүл ширесин соруп азыктанат. Түк баскан эки таманы менен даам сезет. Алар түгөйлөрү менен учат.



### Эл кайда көчөт



Жонунда кара чекиттери бар, тоголок кичинекей коңуз. Канаттарын жайып, тездик менен алыска уча алат. Түстөрү ар түрдүү: кызыл, сары жана агыш. Эл кайда көчөт пайдалуу. Зыяндуу курт-кумурскалардын личинкаларын жеп, жок кылат.

## Чегиртке



Чегиртkенин денеси сүйрү. Арткы узун буттары жерди күч менен тээп, бийиктеп чөптөргө секиргенге жардам берет. Канаттары түз, денесине удаалаш, эки капталында жайгашкан. Башында мурутчасынан башка, күчтүү жаагы, чоң көздөрү жайланышкан. Майда курт-кумурскалар жана чөптөр менен тамактанат.

## Жөргөмүш



Жөргөмүштүн узун тарбайган ичке буттары болот. Түсү кара, күрөң жана боз.

Дарактарга, бадалдарга жана үйдүн булуң бурчтарына желе салышат. Ага түшкөн чымындар, чиркейлер жана башка жандыктарды куйругундагы ийнеси менен сайып уулантат. Убакыт өткөндөн кийин желедеги чымындын ичи эрийт. Аны жөргөмүш тумшугу менен соруп азыктанат.

## Бал аары



Бал аарылар коомдошуп жашашат. Түсү кара-күрөң. Аларды адамдар колго үйрөткөн. Аары атайын жасалган бал челектерде жашап көбөйөт. Гүлдүн ширеси менен тамактанып, аны бал челекке чогултуп алып келип момду толтурушат. Аны сото дейт. Ошондуктан буларды бал аарылар дешет. Бал аарынын денесин каралжын түк каптап турат.


# Балыктар

***Балыктар сууда жашашат. Алардын денеси сүйрү, сүзүүгө ыңгайлуу. Жылмакай кабырчыктар каптап турат. Ал сүзүүнү жеңилдетет. Балыктын жон, куйрук жана каптал сүзгүчтөрү сүзүүгө жардам берет. Балык сууда дем алат. Алар сууда көбөйөт. Балдары – чабактары жумурткадан (икрадан) чыгат. Суудагы майда жандыктар менен тамактанат.***

## Жилингир (форель)

Жилингир балыгы дарыя жана көлдөрдө жашайт. Денеси узун, сүйрү келет, териси сыйгалак. Ак же кызыл темгилдери бар.

Ысык-Көл жилингири бир кыйла чоң балык. Икраларын дарыя суусунун башына ташташат. Алар чабак болуп чоңойгондо, көлгө сүзүп келишет.



# Жерде-сууда жашоочулар

***Буларсуудада,кургактадажашашат,курт-кумурскаларды кармап жейт.***

## Бака



Бака сазда жана кургакта да жашайт. Кургакта баса албайт, ошондуктан секирип, секирип жүрөт. Жайкысын кечке маал саздагы бакалар катуу чардайт. Алдыңкы буттары кыска, арткы буттары узун. Узун буттар кургакта секиргенге жардам берет. Сууда жакшы сүзөт, башы жалпак, көзү тосток. Узун жабышкак тили менен учуп жүргөн чымын, чиркей, көпөлөк, аарыларды кармап жейт.

## Таш бака



Таш бака байыркы жандык. Анын жонунда боор жагын коргогон катуу калканы бар.

Коркунуч болгондо башын, буттарын жыйып, калкандын ичине тартып алат. Кургакта араң баскан таш бака сууда тез жана шамдагай сүзөт.

# Сойлоп жүрүүчүлөр

***Сойлоп жүрүүчүлөр байыркы жаныбарлар, алар ысык жерлерде жана чөлдөрдө жашашат. Балдары жумурткадан чыгат.***

## Кескелдирик



Кескелдирик таштактуу, кумдуу, ысык жерлерде жашайт. Денеси узунча келип, ичке куйругу бар. Денеси катуу кабырчыктар менен капталган. Буттары эки капталында жайгашкан. Тез чуркайт. Чуркаганда кескелдирик сойлоп бараткандай көрүнөт. Коркунуч болгондо куйругун кесип таштайт, душмандан ушинтип коргонот.

Куйругу кайра өсүп чыгат. Кескелдириктин узун тили болот, аны менен тамактын даамын сезип, учуп бараткан курт-кумурскаларды кармай алат.

## Кара чаар жылан



Бул уулуу жылан. Үстүнкү жаагында уу тиштери болот. Жылан чакканда уу адамдын денесине тарайт. Ачакей тили менен азыктын даамын сезет. Денеси катуу кабырчык менен капталган, ал денесин кургап кетүүдөн сактайт. Уусунан дары даярдалат.

# Канаттуулар

***Канаттуулар учуп жүргөн жаныбарлар. Алардын балапандары жумурткадан чыгат. Алар көп түрдүү: сууда сүзүүчүлөр (ак куу, ак чардак, өрдөк), чуркагандар (төө куш жана киви), сүйлөгөндү кайталагандар (тоту куш). Аларды жергиликтүү жана келгин канаттуулар деп бөлүшөт.***

***Жергиликтүү канаттуулар дайыма бир жерде жашашат (таранчы, карга, сагызган, кыргоол, улар жана башкалар). Келгин канаттуулар суук түшкөндө жылуу жакка учуп кетет (турна, чабалекей, кара чыйырчык жана башкалар).***

## Таранчы



Таранчы кичинекей, өңү боз чымчык. Үйүрлөрү менен жашашат. Алар зыяндуу курт-кумурскалар, курттар, чие, башка майда мөмө-жемиштер, уруктар, дандар менен тамактанышат. Үйүргө коркунуч келсе, тобу менен бырп этип учуп кетишет.

## Карга



Карганын өңү капкара. Карганын көзү абдан курч. Жакшы угат. Тумшугу кубаттуу. Жумурткалар, курт-кумурскалар жана мөмөлөр менен тамактанат. Жайында токойлордо жана тоолордо жашашат. Кышында элге жакын келет.

## Турна



Турна келгин канаттуу. Жылуу жерлерде жашайт. Ал өтө сак. Күзөтчү турна адамдын келе жатканын алыстан байкайт да, коркунуч белгисин берет. Алар көлдөрдүн жана дарыялардын жээктеринде жашашат.

Денеси көлөмдүү, шыйрактары жана мойну узун. Тумшугу катуу. Анын каркыра деген түрү бар. Көк түсүн турна, бозомтук түсүн каркыра дейт. Балык жана бакаларды суудан кармап жейт.

## Үпүп



Үпүп токойлордун, бадалдардын арасында жашайт. Дембе дем "үп-үп, үп-үп" деп үн салып турат, башында кооз таажысы бар. Тумшугу узун, ичке келип, буту кыска, манжалары узун, канаты жазы, куйругу түз болот. Жүнү саргыч, ак жана кара темгилдери болот.



## Үкү

Үкү түнкү жырткыч канаттуу. Токойлордо жана калың бадалдардын арасында жашайт. Көздөрү түнкүсүн жакшы көрөт. Майда канаттуулар жана чычкандар менен тамактанат. Күндүзү уктайт. Куш жана үлпүлдөк жүндөрү болот. Үлпүлдөк жүндөрүн кыздардын топусуна кадашат.

## Чабалекей

Чабалекей келгин канаттуу. Куйругу эки ача болгон, денеси кара, кууш болот. Ойкуп, кайкып абдан тез учат, учуп баратып курт-кумурскаларды кармап жейт. Чатырларга же үйлөрдүн ичине көрктүү, ыңгайлуу кылып, уяларын ылайдан салышат. Уяларын салганда узун кылдардын учун кошо бекитип коёт. Балапандары түшпөс үчүн ошол кылдар менен байлап коюшат.



Чабалекейлер жыл сайын өз уяларын таап келишет.

# Үй канаттуулары

***Үй канаттууларына томок, каз, өрдөк, күрп кирет. Аларды адамдар эт, жумуртка жана мамык жүндөрүн алыш үчүн багышат. Эти жана жумурткасы тамакка колдонулат. Мамык жүндөрүнөн жаздык, олпок даярдалат. Үй канаттууларынын балдары жөжө деп аталат.***

## Тоок

Өңдөрү ак, кара, күрөң түстөрдө болот. Тоок жемдерди бүкүлү жутат, тиштери болбойт. Жемдер жемсөөдө чогулат да, бөтөгөсүнө барат.


Топуракты буттары менен тыткылап жөжөлөрүнө курт-кумурскаларды таап берет. Жөжөлөрүн кукулуктап чакырат. Корозу мезгил-мезгили менен кыйкырып, убакытты билгизип турат. Ошондуктан корозду “жаратылыш сааты” деп да аташат. Тоок күлгө же топуракка оонап, жүндөрүн тазалайт. Тооктун ургаачысы-мекиан, эркеги-короз.



## Күрп (индюк)



Күрп ири чоң канаттуу. Коркунуч болгондо куш жүндөрү үрпөйүп, мойнуна чейин чогулуп калат, коркунучтуу үндөрүн чыгарып кыйкырат. Өздөрүн ошентип коргошот. Куш жүндөрү ар түрдүү келип, абдан кооз көрүнөт. Курт-кумурскалар жана ар түрдүү майда жандыктар менен тамактанышат. Жөжөлөрү суукутан коргонуп, энесинин канаттарынын арасына кирип кетет.



## Каз

Каздар байыртадан эле колго үйрөтүлгөн. Тумшуктары кызыл же сары, моюндары узун, майпаңдап, салабаттуу басышат. Сууда жакшы сүзүшөт, мөмө-жемиштер менен тамактанат. Эти жана жумурткасы тамакка колдонулат. Анын жүрүм-турумуна карап, илгертеден аба ырайын билишкен: суугa бат-бат чумкуса жаан жаайт, бир бутуна турса же башын канатына катса, катуу суук болот.

## Өрдөк

Өрдөк сууда жакшы сүзүп, кургакта чайпалып, араң басат. Суугa чумкуп, түбүнөн азык заттарды таап жейт. Өрдөк түрдүү жемдерди, чөптөрдү жей берет. Жөжөлөрүнө абдан камкордук көрөт, жанынан чыгарбайт. Өңдөрү, түстөрү ар кандай келет. Эти тамакка колдонулат.



# Үй жаныбарлары

***Үй жаныбарларын адам багат, тоюттандырат, аларга бардык жагынан камкордук көрөт.***

***Алардан эт, сүт, тери жана жүн алынат.***

## Уй

Уй адам үчүн абдан маанилүү жаныбар. Тамакка сүтү жана эти колдонулат. Өңдөрү ар кандай: кара, күрөң, ак жана темгилдүү. Чөп, жем менен тамактанат. Жеген тоютту кайра кулгуп, кепшеп, майдалап жутат. Сүтү кубаттуу жана витаминге бай. Сүттөн ар түрдүү азыктар даярдалат: быштак, айран, сыр, сары май, сүзмө, курут. Ургаачысын уй, эркегин бука, баласын музоо дешет.



## Кой

Койду адамдар байыркы замандан бери эле багып келишкен. Жүнүн ийрип, кийим даярдашат.

Ошондой эле кийиз жана боз үйдүн жабуулары жасалат. Эти желет. Терисинен жылуу кийим тигилет. Кой жоош, момун жаныбар. Ургаачысын кой, эркегин кочкор, баласын козу дейт.



## Коён



Коёндун кашка тиштери дайыма өсүп турат, аларды кыскартып, курчутуш үчүн катуу жыгачтарды кемирет. Ошондуктан буларды кемирүүчүлөр дейт. Коён чөп менен тамактанат.

Коёнго сабиз, керем жана беде беришет. Сууну көп ичет. Бир жылда 40ка жакын бөжөк тууйт. Эти желет. Терисинен тумак тигилет.

## Жылкы

Жылкыны адамдын канаты дейт. Ал унаа болгон, чарба иштерге күч берет. Кышкысын карды тээп, чөптүн тамырларын таап жейт. Анын эти, сүтү тамакка колдонулат.

Сүтүнөн кымыз даярдалат, анын дарылык касиети чоң. Күлүк жылкыларды аргымак жана тулпар дейт. Ургаачысын бээ, эркегин айгыр, баласын кулун дейт.





## Эчки

Эчки маанилүү жаныбарларга кирет. Сүтү абдан баалуу, дарылык касиети бар. Эти желет. Тыбыт жүнүн ийрип, жоолук, түрдүү кийимдерди токушат. Терисинен кымыз жасаганга чанач жасалат. Эркегин теке, ургаачысын эчки, баласын улак дейт.

## Төө



Төөнү байыркы замандан бери унаа катары колдонуп келишкен. Төөнүн бир өркөчтүү, эки өркөчтүүлөрү болот. Эти желет, сүтүнөн төө кымызы даярдалат. Төөнүн жүнүн чууда дейт. Аны ийрип, түрдүү кийим-кечектерди токушат, жууркан капташат.

Төө суу ичпей, көпкө чейин чыдайт. Эркегин буура, ургаачысын төө, баласын бото дейт.

## Ит

Ит адамдын досу. Короону кайтарат, аны кароолчу ит дейт. Ит күчүктөрүн бапестеп жакшы карайт, азык таап жегенге үйрөтөт. Жазында тыбыт жүндөрү түлөп, жаңы тыбыттар чыгат.



## Мышык




Мышык эт, сүт менен тамактанат. Чычкандарды кармап жейт, ошондуктан адамдар үйгө багышат. Мышык бар үйгө чычкан жолобойт. Ошентип үй жаныбарлар сыяктуу каралган. Мышыктын баласы мый.

# Жапайы жаныбарлар

***Жапайы жаныбарлар тоолордо, токойлордо, талааларда жашашат. Азык заттарын өздөрү табышат, өздөрүн өздөрү коргойт. Балдарын багып чоңойтушат. Аларды тамактарын таап жегенге, душмандардан коргонуп жан сактоого үйрөтүшөт.***

## Кирпи



Кирпилер тоолордо жана токойлордо жашайт. Коркунуч болгондо денеси жыйрылып, тикендүү тоголок шарга окшоп калат. Адамга бат үйүр алат. Башындагы ойноктогон көздөрү, узун тумшугу, тегерек мурду көрүнөт.

Мурду жытты жакшы сезет, чычкандарга аңчылык кылат. Кирпи бар үйдө чычкан болбойт. Ал сүттү, алманы жакшы көрөт. Суук түшөрү менен уясына кирип, кыштап чыгат.

## Тыйын чычкан



Тыйын чычкан карагайлуу токойлордо жашайт. Ал бутактан бутакка куйругунун жардамы менен парашюттан секиргендей секирет. Даракта тез чуркайт.

Карагайдын уруктары, козу карындар, майда мөмөлөр менен азыктанат. Бутактардан кышкы азыктарын сактоочу жай куруп, ага жаңгак, козу карын, чочко жаңгактарды чогултуп камдап алат.

## Аркар



Аркар бийик тоолордо жашайт. Тоо чөптөрүн оттошот. Суусаганда ойго түшүп келет. Ысыкта жайык беттерде жуушайт. Көрүүсү жана жыт сезүүсү күчтүү, өтө сак, шырп эткен дабышты дароо сезет. Эркегин кулжа дейт. Аркар-кулжа коргоого алынган.

## Илбирс



Ак кар, көк музга жакын бийик тоолордо жашайт. Мышык сымал, жүнү саргыч, кара темгилдүү жаныбар. Ал өтө күчтүү жана шамдагай. Кулагы кичине, тырмагы курч, буту кыска, сымбаттуу жырткыч. Ал чоң жандыктарга кол салат. Ошондой эле улар, кекилик же суурларга аңчылык кылат. Алардын жолун тосуп, аңдып же жашырынып барып, мышыкча секирип баса калат. Илбирстер азайып кеткендиктен, алар коргоого алынып Кызыл китепке* жазылган.

## Бугу




Бугу абдан көркөмдүү, сулуу жаныбар. Бугунун башында бутактанган чоң мүйүздөрү болот. Ургаачысы марал деп аталат. Бугу мүйүзүн бир нече жолу күбүп түшүрөт. Бугулар карсылдашып сүзүшөт, жеңгени үйүр башчы болуп калат.

Бугулар чөп, жаш бутактар, гүлдөр, дарактардын кабыгы жана тобурчактар менен тамактанышат.

Коркунуч болгондо бугу катуу жоон үндү чыгарып мөөрөйт. Ал коргонуу белгиси. Баласын козу дейт.

## Кашкулак

Кашкулак терең казылган ийиндерде жашайт. Ал чөп, козу карын, тобурчактын уруктары менен тамактанат. Кээде борсолдойлору чычкандарды кармап жейт. Кышында чээнге кирет. Кулагынын кыры ак болот, ал каштай көрүнөт, ошондуктан кашкулак деп аталат. Баласын борсолдой дейт.




## Күрөң аюу



Күрөң аюу токойдо жашайт. Абдан чоң, бирок ийкемдүү жырткыч. Аюу ар түркүн жаныбарлар, өсүмдүктөр, гүлдөр, мөмө-жемиштер, курт-кумурскалар менен да тамактанат. Аюу балыкты мыкты кармайт. Чоң аюу да, мамалак да балды жакшы көрүшөт.

Суук түшкөндө аюу чээнге кирип уктайт. Ургаачысы кышында 1–4кө чейин мамалак тууйт.

## Түлкү



Түлкү жырткыч айбан. Кулактары чоң. Тумшугу узун, кууш келет. Куйругу барпайып чоң жана кооз болот. Токойдо ээси жок башка уяда же өзү казып алган уяларда жашайт.

Түлкү абдан шамдагай жана куу болот. Чымчык же чычкандарга аңчылык кылат. Аларды өлүмүш болуп аңдып жатып, атырылып барып табылгасын тиштеп калат. Эске тутуусу абдан жакшы. Тамактарды таштардын коңулдарына же топуракка көөмп, кышкыга даярдайт. Кышында адашпай таап жейт. Баласын бачики дейт.

## Карышкыр

Карышкыр бир үй-бүлөнү түзүп, үйүрү менен жашайт, башка үйүргө кошулбайт. Үйүрдүн башчысы болот, ууга чыкканда калгандары башчынын артынан тизилип, изи менен жүрүшөт. Карышкыр коркунуч болгондо улуйт, калгандарын сактанууга белги берет. Үйүр башчы чоң жаныбарларга кол салат. Карышкырдын үңкүрлөрү жылуу, алдын чөп, мамык чөптөр менен төшөп алышат, бөлтүрүктөрү үшүбөй чоңоёт.



# Кереметтүү маалыматтар

***Дүйнөдөгү өсүмдүктөрдүн жана жаныбарлардын өзгөчө кызыктуу, кереметтүүлөрү бар.***



## Баобаб

Баобаб Африкада өскөн дарак. Сабагы абдан жоон. Сейрек өсөт. Көлөкөсүндө жаныбарлар жуушайт. Сөңгөгүнүн көңдөйүн африкалыктар үй кылып жашашат.

## Балырлар



Балырлар суу өсүмдүктөрү, өңдөрү ар түрдүү. Жайында жашыл балырлар саз бетин ээлеп, аябай көбөйүп кетет. Аны "балырлардын гүлдөшү" деп атайт.



## Пингвин


Пингвин – Антарктидада жашаган жаныбар. Ал учпайт, бирок сууда мыкты сүзөт, чайпалып жай басат. Терисинин алдында калың май катмары бар, ал суукту ичине өткөрбөйт. Жумурткасын эркектери басып чыгарат. Пингвиндер топтошуп жашайт, балапандарын ар бир ата-эне үнүнөн тааныйт. Балдарын сүзгөнгө үйрөтөт. Аларга балык кармап берет.

## Тоту куш




Тоту куштар жылуу өлкөлөрдө жашайт. Абдан ызы-чуулуу канаттуу. Куш жүндөрү абдан кооз жана ар түрдүү. Уяларын бышыктап, бутакка салышат. Үй-бүлөсүн бузбай, бекем түбөлүккө сакташат. Ошондуктан буларды ажырашпаган канаттуулар дейт. Бат баамдайт, адамга тез эле көнүп кетет. Ошондуктан үйгө да кармашат. Тоту куш адамдарды туурап сүйлөйт.

## Пил



Пил жер бетиндеги эң чоң жаныбар. Башында кичинекей жалтыраган көздөрү, далдайган кулактары жана узун тумшугу бар. Ууртунун эки жагынан узун жырткыч тиштери чыгып турат. Узун тумшугу менен коргонот, ал колдун милдетин аткарат. Аны менен дем алат, жыт сезет, коргонот, азыктанат. Тумшугу менен жердеги нерсени, дарактын жалбырагын жана чөптөрдү үзүп жейт. Мамыдай жоон буттары, тегерек тамандары бар. Пил күн ысыкта жонуна, башына кум, топурак жана суу бүркүп турат. Кичине баласын эне-атасы эле эмес, башка пилдер да коргойт, кам көрөт.

## Төө куш



Төө куш абдан ысык жерлерде (Австралия, Африка) топ-тобу менен жашашат. Дүйнөдөгү куштардын эң чоңу, бирок уча албайт. Төө куш таңгалыштуу ылдам чуркайт. Төө куш жашылча жейт жана курт-кумурскалар менен да тамактанат. Жумурткасы абдан чоң, салмагы эки килограммга жетет. Кабыгы калың жана катуу. Кабыгын идиш ордуна колдонушат. Эти желет.

## Айгүл

Баткен аймагынын тоолорунда өскөн абдан кооз гүл. Жаз айларында гүлдөйт. Гүлдөрү лилияга окшош кызыл түстүү, сабагында бир нече чоң гүлдөр болот. Байкоо жүргүзгөндө гүлдөр ай толгондо ачылат экен, ошондуктан Айгүл деп аталган. Ал коргоого алынып, "Кызыл китепке" киргизилген.



*"Айгуль" Данакан Адашканова*

***Кызыл китеп****

Кыргызстандын "Кызыл китеби" 1985-жылы жарык көргөн. Ага азайып бара жаткан жаныбарлар, өсүмдүктөр катталган.

Азыр ошол жаныбарлар Жаратылышты коргоо уюмдары тарабынан кайтарылууда. Кыргызстандын Кызыл китебине аркар-кулжа, бугу-марал, илбирс, сүлөөсүн, мадыл, аюу, чөө, кундуз, жейрен, ал эми канаттуулардан: тоодак, кунас, аккуу, каз, каркыра жана башка жаныбарлар кирген.

200c

200с


Ага Хан Фонду

**Урматтуу ата-энелер!**

Кыргызстанды камтыган китеп сериясы Сиздин балаңызга мекен жана айлана-чөйрө жөнүндөгү алгачкы түшүнүктөрдү берет. Балаңыздын суроолоруна жооп бергенге Сизге керектүү булак боло алат.

Китепте кооз сүрөттөр бар. Булар бөбөктөргө табышмактуу чоң дүйнөнү түшүнүүгө жардамдашат.


**Серияга төмөндөгү китептер кирет:**



Тарых китеп



Сонун китеп



Керемет китеп